# МЕДИА ЧӨЙРӨДӨ ЭКСТРЕМИЗДИ АЛДЫН АЛУУ БОЮНЧА ПРАКТИКАЛЫК КОЛДОНМО

Кыргыз Республикасы, Бишкек, 2026

Практикалык колдонмо журналисттерге, санариптик контенттин авторлоруна, мамлекеттик органдардын басма сөз кызматкерлерине жана башка контент өндүрүүчүлөр менен иштеген жарандык коомдун өкүлдөрүнө арналган.

Практикалык колдонмо экстремизм жана радикализм көйгөйү боюнча маалымдуулукту жогорулатууга, натыйжалуу медиа аракеттерин иштеп чыгууга жана Кыргыз Республикасында коопсуз маалыматтык мейкиндикти калыптандырууга өбөлгө түзүү менен экстремизмге каршы туруктуу механизмдерди түзүүгө багытталган.

Колдонмо Кыргыз Республикасындагы БУУнун Өнүктүрүү Программасынын колдоосу алдында Prevention Media коомдук фонду тарабынан Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги менен кызматташтыкта даярдалган.
Автордук жамаат: Самат Осмонов, Кубанычбек Орузбаев, Лейла Сыдыкова, Назгүл Сулайманова, Алмаз Исманов.
Кыргызча которгон Кубат Чекиров.

Бул басылмада берилген ойлор Бириккен Улуттар Уюмунун, Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасынын, анын программа/долбоорлорунун же өкмөттөрдүн көз-караштарын чагылдырууга тийиш эмес. Колдонулган белгилөөлөр кандайдыр бир өлкөнүн, территориянын же аймактын же алардын чек-араларынын укуктук статусуна тиешелүү көз-караштарды чагылдырбайт.

# МАЗМУНУ

**6/9**

**Экстремизм жана анын жайылышына өбөлгө түзгөн факторлор**

Региондук жана улуттук деңгээлдеги экстремизмдин саясий, экономикалык жана социалдык шарттары

**10/18**

**Экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүүнүн укуктук негиздери**

Эл аралык милдеттенмелер

Улуттук коопсуздук чөйрөсүндөгү ченемдик-укуктук актылар

КР “Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө” Мыйзамына сереп салуу

Экстремисттик ишмердикке жүргүзүү үчүн жоопкерчилик

**19/22**

**Экстремисттик ишмердикке каршы аракеттенүүдө медианын ролу**

Экстремизмди чагылдыруунун өзгөчөлүгү

Дезинформацияга каршы аракеттенүү

Альтернативдүү баяндар

Мамлекеттик органдар, жарандык коом уюмдары (ЖКУ), эксперттик коомчулук менен өз ара аракеттенүү

**23/24**

**Практикалык сунуштар**

Экстремисттик риториканы жана пропагандаы аныктоо.

Коопсуздук эрежелери

**25/25**

**Пайдалуу ресурстар (улуттук жана эл аралык булактар)**

**26/28**

**Глоссарий**

# ЭКСТРЕМИЗМ ЖАНА АНЫН ЖАЙЫЛУУСУНА ӨБӨЛГӨ ТҮЗГӨН ФАКТОРЛОР

**Экстремизм** түшүнүгү (грек тилинен “eschatos”, латын тилинен “extremis” деп которулат) байыркы заманда пайда болгон. Байыркы грек философу Аристотель бул терминди туруктуулукка жана сабырдуулукка карама-каршы келген абалды мүнөздөө үчүн колдонгону белгилүү. Экстремизм, албетте, коомдун бардык тармактарын бузуп жаруучу фактор болуп саналат жана өлкөнүн улуттук коопсуздугуна коркунуч келтирет. КР Улуттук коопсуздук концепциясында терроризмге жана экстремизмге каршы күрөшүү улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун негизги максаты экени так көрсөтүлгөн.



Улуттук коопсуздуктун өтө маанилүү объектилерине төмөнкүлөр кирет: конституциялык түзүлүштү коргоо, Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгын жана эгемендүүлүгүн, мамлекеттик жана аймактык бүтүндүгүн камсыз кылуу, ошондой эле адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин так сактоо жана аларды мыйзамсыз кол салуулардан коргоо.



### Региондук жана улуттук деңгээлдеги экстремизмдин саясий, экономикалык жана социалдык себептери

Экстремизмдин жайылышына таасир этүүчү объективдүү факторлор бар. Ошондуктан, алардын табиятын жана ролун түшүнүү коомдогу радикалдашуу процесстеринин алдын алууда чечүүчү мааниге ээ. Радикалдашуу – бул айрым адамдардын же алардын топторунун экстремисттик багыттагы белгилүү саясий, диний, улутчулдук идеяларга берилип кетүү процесси. Бирок, мындай берилгендик дайыма эле зомбулук аракеттеринде ишке ашпашы мүмкүн. Радикалдашуу процессинин калыптанышына саясий, экономикалык жана социалдык факторлор олуттуу таасир этет. Алар өз ара байланыштуу жана адамдын жүрүм-турумуна олуттуу таасир этет.

Саясий туруксуздук жана коомдун социалдык катмарлануусу, жумушсуздук, мыйзамсыз эмгек миграциясы, адамдын өзүн коопсуз сезбеши, ксенофобия, улутчулдук жана келечекке болгон үмүттүн жоктугу радикалдуу топторго кошулууга, андан кийин экстремисттик багыттагы практикалык аракеттерге алып келүүчү радикалдашуу үчүн гана эмес, ыңгайлуу шарт түзүшү мүмкүн.

Саясий чөйрөдө экстремизм мамлекеттин саясий институттарын туруксуздаштыруу аракеттеринде көрүнөт – бийликти күч колдонуу менен басып алууга чакырыктардан баштап, массалык баш аламандыктарды уюштурууга жана конституциялык түзүлүштү бузууга чейин.

Социалдык чөйрөдө экстремизм социалдык жана улуттук кастыкты козутууда, “душмандын” образын түзүүдө, калктын айрым топторун бири-бирине каршы коюуда көрүнөт, бул коомдогу социалдык чыңалуунун жана чыр-чатактын өсүшүнө өбөлгө түзөт.

Экономикалык чөйрөдө экстремисттик көрүнүштөр экономикалык ишмердүүлүктү туруксуздаштыруу аракеттери, ошондой эле радикалдык идеологиялардын жана кыймылдардын кызыкчылыгы үчүн социалдык-экономикалык көйгөйлөргө жамынуу менен байланыштуу.

Диний чөйрөдө экстремизм диний кастыкты козутууда, диний фанатизмди жана фундаментализмди жайылтууда көрүнөт, алар башка диндерге сабырсыздык, зомбулукту актоо жана идеологиялык максаттарда диний догмаларды бурмалоо менен коштолот.

Маалыматтык жана маданий мейкиндиктерде экстремизм радикалдык идеяларды пропагандалоо, жалпыга маалымдоо каражаттарын жана санариптик платформаларды жаштар арасында зомбулук формаларын жайылтуу, коомдук аң-сезимди манипуляциялоо жана жалдоо үчүн колдонуу аркылуу жайылууда.

Демек, экстремизмдин пайда болушуна жана жашап кетишине социалдык-экономикалык кризистер, мамлекеттик институттардын туруксуздугу, глобалдык саясий процесстер (согуштар), ошондой эле элдин жашоо деңгээлинин кескин төмөндөшү, жумушсуздук жана калктын жеке келечегинин жоктугу алып келет.

Глобалдашуу жер шарынын бүткүл калкын жалпыга маалымдоо каражаттары менен камтыган технологиялык (маалыматтык) коомдун түзүлүшүнө алып келди. Бул процесстин бир олуттуу терс таасири бар – маалыматты кабыл алуу кризиси. Адамдын маалыматты "чыпкалай" билбегени анын экстремисттик көз караштарынын калыптанышына алып келиши мүмкүн.

**Региондук деңгээлде**

Региондук деңгээлде экстремизмдин калыптанышына таасир этүүчү факторлор глобалдык деңгээлдеги факторлор менен өз ара байланыштуу, анткени тышкы күчтөрдүн таасири экстремизмдин жайылышына жана туруксуз жарандарды экстремисттик жана террористтик багыттагы тыюу салынган уюмдарга тартууга негиз түзүшү мүмкүн.

Экстремисттик активдүүлүктүн өсүшүнүн негизги факторлорунун бири – баңгизаттарды жана курал-жарактарды мыйзамсыз жүгүртүү, адам сатуу жана мыйзамсыз миграция сыяктуу коштолгон трансулуттук кылмыштуулукка каршы туруу механизмдеринин алсырашы. Бул кылмыштуу иш-ара-



кеттер көбүнчө экстремисттик түзүмдөрдү каржылоонун булагы болуп саналат, ошондой эле радикалдык топторго логистикалык колдоо көрсөтө ала турган туруктуу криминалдык тармактарды түзөт.

Демек, криминогендик абалдын өсүшү аймакта экстремисттик уюмдардын кирип кетиши жана институционалдашуу тобокелдиктерин түздөн-түз жогорулатат.

**Улуттук деңгээлде**

Коомдогу ксенофобия жана улутчулдук билдирүүлөр экономикалык туруксуздуктун, маданияттын жана билим берүүнүн жетишсиздигинин, ошондой эле саясатчылардын, чиновниктердин, коомдук пикир лидерлеринин ксенофобдук риторикасынын фонунда чыр-чатактарга алып келиши мүмкүн. Улуттук же диний негиздеги мындай чыр-чатактар өлкөнү саясий жактан алсыратууга алып келет.

Алдын алуу процессинде өлкөнүн укук коргоо системасы маанилүү ролду ойнойт, ал экстремисттик ишти аныктоого жана бөгөт коюуга багытталышы керек. Жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде толеранттуулукту, бири-бирине болгон сый-урматты жайылтуу, жер-жерлерде тартылган адамдардын кеңири чөйрөсү менен маалымдуулукту жогорулатуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү, маданий билим берүүнү колдоо, анын ичинде жаштар үчүн спортту өнүктүрүү жана спорттук клубдарды түзүү олуттуу натыйжаларга алып келиши мүмкүн.

Конференцияларды жана тегерек столдорду өткөрүп, экстремизмдин жана терроризмдин алдын алуу боюнча өкмөттүк программанын жоболорун ишке ашыруу аспектилерин түшүндүрүү.

Кем эмес маанилүү фактор болуп калк менен идеологиялык жана профилактикалык иштердин системалуулугунун жетишсиздиги саналат. Сынчыл ой жүгүртүүнү, укуктук маданиятты, өзгөчө жаштар арасында калыптандыруу боюнча туруктуу программалардын жетишсиздиги алардын радикалдуу нарративдерге кабылуусун жогорулатат. Альтернативдүү социалдык жана баалуулук багыттарынын жетишсиздиги шартында экстремисттик идеология өзүн-өзү ишке ашыруунун же наразылыктын формасы катары кабыл алынышы мүмкүн.



# ЭКСТРЕМИСТТИК ИШМЕРДИККЕ КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

КРнын экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү жаатындагы эл аралык милдеттенмелери анын көптөгөн эл аралык уюмдарга (БУУ, КМШ, ШКУ) мүчөлүгүнөн, ошондой эле бул жааттагы көп тараптуу жана эки тараптуу келишимдерден келип чыгат. Эл аралык укуктук актылардын биринчи тобуна төмөнкүлөр кирет:

- **Расалык дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө эл аралык конвенция** (1965), экстремисттик ишмердиктин ушул конкреттүү мотивине тиешелүү.
- **Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт** (1966), анда башкалар менен катар ой жүгүртүү, абийир жана дин эркиндигине болгон укуктарды белгилеген, жеке кол тийбестикти жана аларды кылмыштуу кол салуулардан коргогон жоболор камтылган.



• **Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерди коргоо жөнүндө конвенция** (1950), расасы, терисинин түсү, тили, дини, улуту жана социалдык теги, улуттук азчылыктарга таандыгы боюнча укуктарды жана эркиндиктерди пайдаланууда басмырлоого жол бербейт.

• **Динге же ишенимге негизделген жектөөнүн жана басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө декларация** (1981), мамлекеттерге динге же ишенимге негизделген басмырлоону алдын алуу жана жоюу боюнча натыйжалуу чараларды көрүүнү буйрук кылат.

Бул эл аралык укуктук актылардын практикалык мааниси алар экстремизмди жеке адамдын ажырагыс укуктарын бузуу менен түздөн-түз байланыштырып, ошону менен ар кандай мамлекеттердин укук коргоо органдары тарабынан экстремисттик багыттагы кылмыштарды алдын алуу, ошондой эле тергөө боюнча чараларды көрүү үчүн укуктук негизди камсыз кылат.

Эл аралык укуктук актылардын экинчи тобуна экстремисттик ишке каршы туруу боюнча мамлекеттердин практикалык аракеттеринин негизи болуп кызмат кылган резолюциялар, конвенциялар, макулдашуулар жана келишимдер кирет. Глобалдык деңгээлдеги укуктук актыларга БУУ тарабынан кабыл алынган документтер кирет. Алардын эң алгачкылары жарандык авиациянын активдүү өнүгүү мезгилинде кабыл алынган, мисалы:

• Аба кемелеринин бортунда жасалган кылмыштар жана башка айрым аракеттер жөнүндө конвенция (1963)

• Аба кемелерин мыйзамсыз басып алууга каршы күрөшүү жөнүндө конвенция (1970)

• Жарандык авиациянын коопсуздугуна каршы багытталган мыйзамсыз аракеттерге каршы күрөшүү жөнүндө конвенция (1971)

**Глобалдык категорияга төмөнкүлөр да кирет:**

• Барымтага алууга каршы күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенция (1979)

• Эл аралык терроризмди жоюу боюнча чаралар жөнүндө декларация (1994)

• Бомбалык терроризмге каршы күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенция (1997)

• Терроризмди каржылоого каршы күрөшүү жөнүндө эл аралык конвенция (1999)

Буларга 2006-жылы кабыл алынган БУУнун Глобалдык терроризмге каршы стратегиясы жана 2015-жылдын декабрь айында БУУнун Башкы катчысы тарабынан сунушталган Зордук-зомбулук экстремизминин алдын алуу боюнча иш-аракеттер планы да кирет, ал бардык мамлекеттердин карамагында турган натыйжалуу курал болуп саналат.

**Европа Кеңешинин, Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун (ЕККУ) укуктук актыларына төмөнкүлөр кирет:**

• Европа Кеңешинин “Терроризмге бөгөт коюу жөнүндө” конвенциясы (1977)

• Радикалдашуунун жана азгырууну алдын алуу стратегиясы (2005)

• Терроризмге каршы күрөшүү боюнча ЕБ стратегиясы (2005)

• Европа Кеңешинин экстремизмди алдын алуу боюнча конвенциясы (2005)

• Терроризмдин, терроризмге алып келүүчү зомбулуктуу экстремизмди жана радикалдашуунун алдын алуу жана токтотуу (2018)

• Жасалма интеллект жана терроризмге каршы күрөшүү жөнүндө резолюция (2024)

• Билим берүү жана медиа-маалыматтык сабаттуулук аркылуу жаштардын зомбулуктуу экстремизмге жана терроризмге алып келүүчү радикалдашуусунун алдын алуу жөнүндө резолюция (2025)

**Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) эки документин да белгилей кетүү керек:**

- Терроризмге, сепаратизмге жана экстремизмге каршы күрөшүү жөнүндө Шанхай конвенциясы (2001)
- Шанхай кызматташтык уюмунун экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча конвенциясы (2017)

**Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинин (КМШ) ченемдик актыларына төмөнкүлөр кирет:**

- КМШга катышкан мамлекеттердин терроризмге каршы күрөшүүдөгү кызматташтыгы жөнүндө келишим (1999)
- КМШга катышкан мамлекеттердин терроризмге жана экстремизмдин башка зомбулук көрүнүштөрүнө каршы күрөшүүдөгү кызматташтыгынын концепциясы (2005)
- КМШга катышкан мамлекеттердин кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү жөнүндө келишими (2007)
- КМШга катышкан мамлекеттердин аймактарында биргелешкен тергөө-ыкчам топторун түзүү жана иштөө тартиби жөнүндө макулдашуу (2015)
- КМШ алкагында терроризмге жана экстремизмдин башка зомбулук көрүнүштөрүнө, ошондой эле аларды каржылоого каршы күрөшүү чөйрөсүндө маалымат алмашуу жөнүндө макулдашуу (2017)

**Улуттук коопсуздук чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылар**

КР Конституциясында “Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптыгы, улуту, дини, жашы, саясий же башка ишеними, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырлоого дуушар болушу мүмкүн эмес” деп белгиленген (24-берене).

КР Конституциясынын 32-беренесинин 4-бөлүгүндө улуттук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык артыкчылыкты пропагандалоого, басмырлоого, кастыкка же зомбулукка чакырууга тыюу салынат. Ошентип, КР Конституциясында анда көрсөтүлгөн ар кандай белгилер боюнча жек көрүүчүлүктү жана кастыкты козуткан аракеттерге эң жогорку юридикалык күчкө ээ болгон тыюу салынган. Демек, бул тыюу өз кезегинде адамдын тиешелүү негиздер боюнча укуктарынын жана эркиндиктеринин конституциялык кепилдиктерин камсыздайт деп белгилесек болот.

КР Конституциясынын 8-беренесинин 3-бөлүгүндө төмөнкүлөргө да тыюу салынат:

- Диний жана этникалык негизде саясий партияларды түзүүгө, диний бирикмелердин саясий максаттарды көздөшүнө.
- Жарандардын бирикмелери тарабынан аскерлештирилген түзүмдөрдү түзүүгө.
- Конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бузууга, социалдык, расалык, улуттар аралык жана диний кастыкты козутууга багытталган саясий партиялардын, коомдук жана диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштешине.

Мамлекеттик саясат кылмыштуулуктун алдын алууда, анын ичинде коомго коркунучтуу жосундарга каршы турууда өзгөчө ролду ойношу керек. Мамлекет экстремизмге каршы турууну ишке ашыруу үчүн негизги жоопкерчиликти алат жана ал инсанды, коомду жана мамлекетти жалпысынан коргоо боюнча зарыл чараларды өз убагында демилгелеп, бул кооптуу көрүнүштүн масштабына адекваттуу укуктук аракеттерди ишке ашырышы керек.

Улуттук деңгээлде экстремисттик ишке каршы турууну камсыз кылуу маселеси КР Президентинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №570 Жарлыгы менен бекитил-

ген Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясында чагылдырылган, анда улуттук коопсуздук –инсандын, коомдун жана мамлекеттин жашоого маанилүү кызыкчылыктарынын тышкы жана ички коркунучтардан корголушунун кепилдик кылынган абалы деп белгиленген;

**Тышкы коркунучтарга төмөнкүлөр кирет:**

- Эл аралык терроризмдин, диний экстремизмдин жана сепаратизмдин масштабдарынын кеңейиши, Борбор Азия өлкөлөрүндөгү террористтик жана экстремисттик көрүнүштөр жана Интернет түйүндөрүндө азгырма жалдоо жана үгүттөө ишинин күч алышы.
- Чет өлкөлүк диний экстремизм борборлорунун жана салттуу эмес диний агымдардын Кыргыз Республикасына бөтөн жана бузуку идеологияны импорттоо жана популяризациялоо боюнча активдүү ишмердүүлүгү.

**Ички коркунучтарга төмөнкүлөр кирет:**

- Ички террористтик жана экстремисттик жашыруун уюмдардын, өзгөчө терроризм жана экстремизм үчүн соттолгондордун арасында кылмыштуу иштер, ошондой эле алардын криминалитет жана уюшкан кылмыштуу коомдор менен биригүүсү.
- Социалдык түйүндөрдө жана мессенджерлерде бузукулук иштин активдешүүсү, анын ичинде билип туруп жалган жана анык эмес маалыматты жайылтуу, террористтик жана экстремисттик мүнөздөгү материалдарды жайгаштыруу жана экстремисттик, террористтик уюмдардын катарына кошулуу чакырыктары, массалык баш аламандыктарга жана каршылык акцияларына чакырыктар, жашоонун криминалдык мүнөзүн, суицидди пропагандалоо, баңгизат каражаттарын жана психотроптук заттарды колдонуу жана биринчи кезекте жаш муунга терс таасирин тийгизүүчү укукка каршы башка маалыматтар.

Бул чөйрөдө кабыл алынган дагы бир документ болуп КР Министрлер Кабинетинин 2023-2027-жылдарга экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча программасы (2023-жылдын 15-мартындагы №141) саналат, ал КР Улуттук коопсуздук концепциясына ылайык иштелип чыккан жана 2017-2022-жылдарга карата бирдей аталыштагы өкмөттүк программанын ырааттуу уландысы болуп саналат. Программа экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү маселелеринде мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун бирдиктүү максатын, милдеттерин, негизги багыттарын жана механизмдерин аныктоого багытталган. Анда экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик саясаттын алты негизги багыты аныкталган:

- Экстремисттик жана террористтик иштин жайылышынын алдын алуу жана эскертүү.
- Экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгү.
- Экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча илимий-изилдөө, окуу-методикалык жана маалыматтык базаны түзүү жана өнүктүрүү.
- Маалыматтык саясат жана жалпыга маалымдоо каражаттары жана медиа уюмдар менен өз ара аракеттенүү.
- Экстремисттик жана террористтик идеологиялардын таасирине кабылган адамдарды ресоциализациялоо боюнча заманбап механизмдерди жана ыкмаларды иштеп чыгуу жана киргизүү.
- Стратегиялык жана башка объекттер, ошондой эле жарандар үчүн террордук актылардын кесепеттерин азайтуу боюнча чараларды иштеп чыгуу жана киргизүү.

Жаңы медиаларды кошкондо, ЖМКлар экстремизмдин алдын алууда зарыл болгон идеологиялык нарративдерди калыптанды-

рууда маанилүү ролду ойнойт. Буга байланыштуу 2023-2027-жылдарга экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү Программасында “4.4. Маалыматтык саясат жана жалпыга маалымдоо каражаттары жана медиа уюмдар менен өз ара аракеттенүү” деген атайын бөлүм бар, анда ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын менчик формасына карабастан медиа уюмдар (редакциялар) менен өз ара аракеттенүүсү маанилүү аспект катары белгиленген:

- Экстремизмдин жана терроризмдин алдын алуу жана профилактикалоо боюнча маалыматтык саясатты иштеп чыгуу жана жүргүзүү.
- Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчилиги астында маалымат чөйрөсүндө иштелип чыккан, экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча ыйгарым укуктуу органдардын методикалык колдоосу менен медиа планды түзүү жана ишке ашыруу.
- Медиаплан экстремисттик жана террористтик мүнөздөгү коркунучтарды түшүндүрүүгө жана алдын алууга багытталган ар кандай форматтагы иш-чараларды камтыйт.
- Бул чөйрөдө адистешкен медиа коомчулугунун эксперттерин кошкондо, менчик формасына карабастан медиа уюмдарды (редакцияларды) медиапланды ишке ашырууга тартуу.

Мамлекеттик органдардын менчик формасына карабастан медиа уюмдар (редакциялар) менен өз ара аракеттенүүсү экстремизмге каршы турууда олуттуу мааниге ээ жана бул чөйрөнү иш-чараларда белгиленген конкреттүү милдеттер жана максаттар менен өзүнчө багытка бөлүүнү талап кылат. Контентти түзүүдө жана жайылтууда негизги аспект экстремизмге каршы туруу маселелерин объективдүү, туура чагылдыруу болуп саналат, мындай ишке тиешеси бар адамдарды “баатырлаштырууну”, анын ичинде этникалык жана диний негизде басмырлоону жокко чыгарат.

Конституциялык ченемдерди, анын ичинде адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен милдеттерин чагылдырууга жана чечмелөөгө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Ошентип, ЖМК, анын ичинде жаңы медиа экстремизмди коомго коркунучтуу, юридикалык жоопкерчиликке алып келүүчү жосун катары чагылдыруу аркылуу экстремизмдин алдын алуунун маанилүү субъектиси катары чыга алат.

Программада камтылган негизги милдеттердин бири – экстремизмге карата терс коомдук пикирди, экстремисттик көз караштарга жана ишенимдерди, адамдардын коомдогу экстремисттик жүрүм-турумунун бардык көрүнүштөрүн, зомбулукту жана радикализмди, ксенофобия, кастык тили жана экстремизмдин жеке же топтук көрүнүшүнүн башка формаларын туруктуу кабыл албоо сезимин калыптандыруу.

Аталган Программаны натыйжалуу ишке ашыруу максатында 2023-2027-жылдарга карата иш-чаралардын планы бекитилген, анда экстремизмге жана терроризмге каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик саясаттын ар бир багыты боюнча конкреттүү милдеттер коюлган, аны ишке ашыруу боюнча аракеттер (чаралар) аныкталган, ар бир милдет аткарылууга тийиш болгон мөөнөттөр, милдетти аткаруунун жыйынтыгы боюнча күтүлүүчү натыйжалар, ошондой эле аталган милдетти ишке ашырууга жооптуу адамдар (органдар) белгиленген.

### КР “Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө” мыйзамына сереп

Экстремизмге каршы аракеттенүүнүн негизги маселелери КР “Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө” мыйзамында (2023-жылдын 24-февралындагы №40) чагылдырылган, ал 5 баптан жана 21 беренеден турат. Мыйзамда төмөнкү негизги милдеттер аныкталган:

• Экстремисттик иштин алдын алуу, аныктоо, бөгөт коюу жана бул аракеттерди жасоого өбөлгө түзгөн себептерди жана шарттарды жоюу.

• Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү субъекттеринин мамлекеттин ичинде өз ара аракеттенүүсүн өркүндөтүү.

• Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жаатында эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү.

Мыйзамдын 4-беренесинде экстремисттик иштин түшүнүгү берилген, ага төмөнкүлөргө багытталган аракеттер кирет:

а) бийликти күч менен басып алууга багытталган аракеттерди пландаштыруу, уюштуруу, даярдоо жана жасоо:

• Бийликти күч менен басып алуу.

• Бийликти күч менен басып алууга ачык чакырыктар.

• Сепаратисттик иш.

• Куралдуу козголоң.

• Расалык, этностук, улуттук, диний же аймактар аралык кастыкты (араздашууну) козутуу.

• Экстремисттик уюмду түзүү жана (же) анын ишине катышуу.

• Экстремисттик уюмду же экстремисттик ишти каржылоо.

• Экстремисттик материалдарды даярдоо, таратуу.

• Экстремисттик материалдарды сактоо.

• Экстремисттик уюмдун атрибутикасын жана символикасын колдонуу.

б) Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдары боюнча зомбулук менен байланышкан же зомбулук аракеттерине алып келген экстремисттик ниеттеги башка аракеттерди жасоо.

Мыйзам экстремисттик ишке каршы аракеттенген бардык субъекттерди так аныктап, бул жааттагы алардын компетенцияларын бекитет. Мында ички иштер органдары жана улуттук коопсуздук органдары ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар болуп саналат. Муну менен катар экстремисттик ишке каршы күрөшүү жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча алдыңкы роль ИИБге таандык.

Мыйзам экстремисттик иштин алдын алуу (профилактика) боюнча механизмдерди камтыйт, атап айтканда, экстремисттик материалдардын таралышына, ошондой эле сот тарабынан экстремисттик деп таанылган уюмдардын аракеттерин ачык колдоп жан тартууга, ошондой эле электр байланыш тармактарын жана байланыш каражаттарын, массалык маалымат каражаттарын ушул максаттарда пайдаланууга жол бербөө.

Мыйзам экстремисттик ишке каршы күрөшүү боюнча ыйгарым укуктуу органдардын ЖМКларга, юридикалык жактарга же башка уюмдарга экстремисттик материалдарды таратуу же сот тарабынан экстремисттик деп таанылган уюмдардын аракеттерин ачык колдоо учурунда эскертме берүү тартибин жөнгө салат. Ошондой эле маалыматтык материалдарды экстремисттик деп таануу тартиби, юридикалык жакты жана башка уюмду, анын атрибутикасын жана/же символикасын экстремисттик деп таануу тартиби жөнгө салынган.

“ЖМКлардын экстремисттик иштин алдын алууга көмөктөшүүсү” деген 13-беренеде “ЖМКлар экстремисттик иштин алдын алуу боюнча маалыматтык-агартуу иш-чараларын өз алдынча, ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук жана эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүү аркылуу жүргүзөт” деп белгиленет. Ушул беренеге ылайык, ЖМКларга экстремисттик иштин алдын алуу боюнча маалыматтык-агартуу

иш-чараларын өз алдынча, ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жарандык жана эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүү аркылуу жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн. Муну менен катар ЖМКлар мамлекеттик органдар, жарандык жана эл аралык уюмдар тарабынан демилгеленген экстремизмдин алдын алуу боюнча программаларды, концепцияларды, иш-чаралардын пландарын, коммуникациялык стратегияларды ишке ашырууга активдүү катыша алышат.

14-беренеде ЖМКнын экстремисттик материалдарды таратуу боюнча жоопкерчилик маселелери жөнгө салынат. Ошентип, эгерде ЖМК экстремисттик материалдарды таратса же сот тарабынан экстремисттик деп таанылган уюмдардын иш-аракеттерин ачык колдосо, ЖМКнын кызмат адамдарына карата кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында каралган тартипте тергөөгө чейинки текшерүү жүргүзүлөт.

Эгерде ЖМК экстремисттик материалдарды таратса, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан КР Кылмыш-жаза кодексинин 153-беренесине ылайык, кылмыштардын бирдиктүү реестрине маалыматтар киргизилген учурдан тартып тергөөгө чейинки текшерүү жүргүзүлөт. Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан ЖМКнын кызмат адамдарына карата жүргүзүлгөн тергөөгө чейинки текшерүүнүн алкагында кабыл алынган чечимдин жыйынтыгы боюнча укук бузуулардын алдын алуу максатында ЖМКнын жетекчисине жана (же) уюштуруучусуна жазуу жүзүндө эскертме жарыяланат. Бул учурда эскертме жарыялоого тергөөгө чейинки текшерүүнүн жүрүшүндө алынган экстремисттик материалдарды таратууга же сот тарабынан экстремисттик деп таанылган уюмдардын иш-аракеттерин ачык колдоого байланыштуу жетиштүү жана алдын ала тастыкталган маалыматтар негиз болуп саналат.

Эскертме массалык маалымат каражатынын ыйгарым укуктуу адамы тарабынан алынган учурдан тартып жарыяланды деп эсептелет. Эскертмеде аны чыгарууга негиз болгон бузуулар көрсөтүлөт, алар эскертме алынган күндөн тартып токтоосуз түрдө четтетилүүгө тийиш.

Эгерде мыйзам бузууларды дароо четтетүүгө мүмкүн болбосо, эскертмеде бул мыйзам бузууларды четтетүү үчүн эскертме алынган күндөн тартып он күндөн ашпаган кошумча мөөнөт белгиленет.

Эскертменин көчүрмөсү маалыматтык саясат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга маалымат үчүн, талдоо жүргүзүү жана маалыматты жыйноо үчүн жөнөтүлөт, ошондой эле ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган чыгарган эскертмеге сотко даттанууга укук каралган.

Эгерде белгиленген мөөнөттө мыйзам бузууларды четтетүү боюнча чаралар көрүлбөсө же жыл ичинде экстремисттик материалдарды таратуунун жаңы фактылары кайрадан аныкталса (же ЖМКнын экстремисттик ишинин белгилери бар экендигин көрсөтсө), тиешелүү ЖМКнын ишин токтотуу маселеси сот тарабынан каралууга тийиш. ЖМКнын ишин токтотуу жөнүндөгү доо арызды сотко прокуратура органдары тиешелүү экспертизалардын материалдарынын, корутундуларынын, эскертме чыгарган экстремисттик ишке каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын өтүнүчүнүн негизинде берет.

Ошондой эле Мыйзамдын 14-беренесинин 6-бөлүгүндө экстремисттик материалдардын андан ары таралышына жол бербөө максатында сот, прокуратура органдарынын доо арызынын негизинде аларды чыгарууну жана сатууну токтотуу жөнүндө чечим чыгарары көрсөтүлгөн. Соттун чечими экстремисттик багыттагы материалдарды камтыган ЖМК продукциясын бардык сактагычтарда жана маалыматтык ресурстарда жок кылуу үчүн негиз болуп саналат.

**Экстремисттик ишти жүзөгө ашыруу үчүн жоопкерчилик**

КР Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары - КР КЖК) "Конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы кылмыштар" деген 41-бапында экстремисттик багыттагы кылмыштар үчүн жоопкерчилик каралган. Аларга төмөнкү кылмыштар кирет:

- **Бийликти күч менен басып алуу (326-бер.)**
- **Бийликти күч менен басып алууга ачык чакырыктар (327-бер.)**
- **Сепараттык иш (328-бер.)**
- **Куралдуу козголоң (329-бер.)**
- **Расалык, этностук, улуттук, диний, региондор аралык кастыкты (араздашууну) козутуу (330-бер.)**
- **Экстремисттик уюмду түзүү жана каржылоо (331-бер.)**
- **Экстремисттик материалдарды даярдоо, таратуу (332-бер.)**
- **Экстремисттик материалдарды сактоо (332-1-бер.)**

Ошондой эле экстремисттик багыттагы кылмыштар катары зомбулук менен байланышкан же зомбулук аракеттерине алып келген, кылмыш-жаза мыйзамдары тарабынан ошондой деп таанылган экстремисттик мотивдер боюнча башка кылмыштарды жасоо да кирет. Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор аралык кастыктын (араздашуунун) негизинде жасалган кылмыштар экстремисттик ниетте болуп wсаналат.

КР Кылмыш-жаза кодексинде көрсөтүлгөн кылмыштарды жасагандыгы үчүн ар кандай жазалар каралган, мисалы, айып пул (200дөн 2000ге чейинки эсептик көрсөткүч ), эркиндиктен ажыратуу (алты айдан он беш жылга чейин).

Ошондой эле, мыйзам чыгаруучу КР Кылмыш-жаза кодексинин 331-беренесинин ("Экстремисттик уюмду түзүү жана каржылоо") жана 332-беренесинин ("Экстремисттик материалдарды даярдоо, таратуу") санкцияларында кошумча жаза катары белгилүү бир кызматтарды ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу түрүн карайт. Белгилүү бир кызматтарды ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу жазасы адамга алты айдан үч жылга чейинки мөөнөткө дайындалышы мүмкүн. Сот конкреттүү кылмыш иши боюнча бардык жагдайларды эске алуу менен бул кошумча жазаны дайындоого зарылчылык бар же жок экендигин чечет.

Экстремисттик багыттагы кылмыштар үчүн кылмыш жоопкерчилиги жеке жактар үчүн 16 жашка толгондо башталат.

КР Кылмыш-жаза кодексинде айрым кылмыштарды жасагандыгы үчүн адамды кылмыш жоопкерчилигинен бошотуунун негиздери каралган. Мисалы, 331-берене боюнча ("Экстремисттик уюмду түзүү жана каржылоо") төмөнкү негиз белгиленген: "**Эгерде ал экстремисттик ишмердүүлүгүнө байланыштуу сот тарабынан жоюу же ишмердүүлүгүнө тыюу салуу жөнүндө мыйзамдуу күчүнө кирген чечим кабыл алынган экстремисттик уюмдун ишине катышууну ыктыярдуу токтотсо, эгерде ал укук коргоо органдарына мындай уюмдун уюштуруучуларын аныктоого жана кылмыш жоопкерчилигине тартууга көмөктөшсө, КР Кылмыш-жаза кодексинин 331-беренесинде каралган жосуну үчүн кылмыш жоопкерчилигинен бошотулат**".

Экстремисттик уюмду каржылоо учурларында (КР Кылмыш-жаза кодексинин 331-беренесинин 3-бөлүгү "Экстремисттик уюмду түзүү жана каржылоо") мыйзам чыгаруучу бул мыйзамга каршы аракет үчүн адамды кылмыш жоопкерчилигинен бошотуунун негиздерин карайт. Мисалы, "КР Кылмыш-

жаза кодексинин 331-беренесинде каралган кылмышты биринчи жолу жасаган адам, **эгерде ал экстремисттик ишти каржылоо жөнүндө ыктыярдуу түрдө билдирсе жана (же) кылмыштын бетин ачууга жана алдын алууга көмөктөшсө, эгерде анын аракеттеринде кылмыштын башка курамы жок болсо, кылмыш жоопкерчилигинен бошотулат**".

Ошентип, адамды экстремисттик уюмду каржылаган учурда кылмыш жоопкерчилигинен бошотуунун бир нече критерийи белгиленген:

• Адам биринчи жолу кылмыш жасаган, тагыраак айтканда, экстремисттик уюмду, экстремисттик ишти каржылаган.

• Адам экстремисттик ишти каржылоо жөнүндө ыктыярдуу түрдө билдирген.

• Адам бул кылмыштын бетин ачууга жана алдын алууга көмөктөшкөн.

• Эгерде адамдын аракеттеринде кылмыштын башка курамы жок болсо.

КР Укук бузуулар жөнүндө кодексине "Экстремисттик материалдарды сактоо" деген 142-1-берене киргизилген (2025-жылдын 28-июлундагы №160). Бул берене боюнча жоопкерчилик, эгерде адам КР соту экстремисттик деп тааныган жана экстремисттик материалдардын реестрине киргизилген экстремисттик материалдарды сактаса келип чыгат.

Мындай материалдарды КР аймагында таратууга тыюу салынган. Бул укук бузууну жасагандыгы үчүн адамга 200 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салынат.

Бул берененин эскертүүсүндө адамды жоопкерчиликтен бошотуунун негизи көрсөтүлгөн - эгерде көрсөтүлгөн укук бузууну жасаган адам өз ыктыяры менен укук коргоо органдарына экстремисттик материалдарды сактагандыгы жөнүндө билдирсе. Ошондой эле эскертүүдө КРнын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан улуттук мыйзамдарда белгиленген тартипте кызматтык милдеттерин аткарууда экстремисттик материалдарды пайдаланууга, анын ичинде сактоого жол берилери белгиленген.

Маанилүү жагдай болуп бул берененин эскертүүсүндө экстремисттик материалдарды сактоо адамдын мыйзамдуу кесиптик же кызматтык ишине байланыштуу болсо, атап айтканда, улуттук мыйзамдарда белгиленген тартипте ишке ашырылуучу илимий, окуу же эксперттик максаттарда болсо, КРнын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 142-1-беренеси ("Экстремисттик материалдарды сактоо") колдонулбастыгы көрсөтүлгөн.

КРнын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 142-1-беренеси ("Экстремисттик материалдарды сактоо") менен КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 332-1-беренесинин ("Экстремисттик материалдарды сактоо") айырмасы, эгерде адамга бир жылдын ичинде КРнын Укук бузуулар жөнүндө кодексинде каралган экстремисттик материалдарды сактагандыгы үчүн жаза колдонулган болсо, анда ал экстремисттик материалдарды сактагандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн.

Ошентип, эгерде экстремисттик материалдарды сактагандыгы үчүн Административдик укук бузуулар жөнүндө кодекстин 142-1-беренеси боюнча айып пул салынгандан кийин, ошол эле адам тарабынан көрсөтүлгөн жаза салынган учурдан тартып бир жылдын ичинде кайрадан экстремисттик материалдарды сактоо фактысы аныкталса, анда бул учурда адам Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 332-1-беренеси боюнча кылмыш жоопкерчилигине тартылат жана ага алты айдан үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындалышы мүмкүн.

# ЭКСТРЕМИСТТИК ИШКЕ КАРШЫ ТУРУУДА МЕДИАНЫН РОЛУ

Кесипкөй ЖМКлар жөн гана жаңылыктарды таратпастан, алар маалыматтык талааны радикалдашуудан сактап турган сынчыл чыпканын ролун аткарышат. Маанилүү көз карандысыз институт катары кесипкөй медианын уникалдуу ресурсу бар – коомдук ишеним, ал манипуляцияга каршы негизги дары болуп саналат. Фейктер доорунда кесипкөй ЖМКлар фактыларды текшерүүчү кызмат кылып, дүрбөлөңгө жана дезинформацияга коомдук аң-сезимди буруп кетүүгө жол бербейт. ЖМКлардын көз карандысыздыгы – бул жөн гана сөз эркиндиги эмес, маалымат радикалдык топтор жалдоо үчүн көп колдонгон бурмалоосуз, объективдүү берилет деген кепилдик.

Мазмунду түзүү жана жайылтуу технологиясы олуттуу түрдө өзгөргөн шарттарда журналисттер жана санариптик контенттин авторлору окуялардын, алардын коомдук кабылдоосунун жана аудиториянын баалуулук багыттарын калыптандыруунун ортосундагы маанилүү ортомчулар болуп саналат. Коомдун улуттук коопсуздукка коркунуч келтириши мүмкүн болгон зыяндуу идеологияларга туруктуулугу контенттин сапатынан, тактыгынан жана этикасынан көз каранды.

Бүгүнкү күндө экстремизм – бул коопсуздук маселеси гана эмес, маалыматтык жана социалдык көрүнүш дагы. Анда ЖМКлар, анын ичинде жаңы медиалар идеологиялык маалыматтарды атайылап же байкабастыктан таратуу, коомдук пикирди манипуляциялоо, фактыларды жана аракеттерди бурмалоо үчүн колдонулушу мүмкүн. Сезимтал темаларды туура эмес чагылдыруу, сенсациялык риториканы колдонуу, экстремисттик контентти сын көз карашсыз цитаталоо, тең салмактуулукту жана контекстти бузуу коомдогу радикалдык маанайды күчөтүшү мүмкүн.



Ошондуктан, ЖМКлардын алдын алуу потенциалына көңүл буруу маанилүү. Бул контексттик, салмактуу жана жоопкерчиликтүү медиа дискурсту калыптандыруу, аудиториянын медиа сабаттуулугун өнүктүрүү, дезинформацияга каршы туруу жана коомдогу кыйла күчөгөн бөлүнүп жарылууну азайтуу болуп саналат.

Кесиптик этикалык стандарттарды, биринчи кезекте "зыян келтирбе" деген негизги принципти, адам укуктарын жана улуттук мыйзамдарды сактоо журналисттерге, анын ичинде санариптик контенттин авторлоруна сапаттуу жана этикалык контентти түзүүгө жана жайылтууга жардам берет.

**Дезинформацияга каршы туруу**

Салттуу жана жаңы медианын азыркы шарттагы миссиясы жөн гана маалымат берүүдөн тышкары, медиа мейкиндигинде таратылып жаткан радикалдык нарративдерди четтетүү боюнча системалуу ишти камтыйт.

Бир катар негизги багыттарды белгилей кетүү керек. Социалдык, этникалык жана диний чыр-чатактарды чечүүнүн ийгиликтүү тажрыйбаларын, анын ичинде медиация жана диалог механизмдерин активдүү чагылдыруу социалдык чыңалууну азайтууга мүмкүндүк берет жана экстремисттик күчтөрдү манипуляциялык негизден ажыратат.

Калкты радикалдаштыруу үчүн колдонулган фейк жаңылыктарды жана дезинформацияны ашкерелөө. Мындай аракеттер дүрбөлөң маанайдын жана жалган стереотиптердин жайылышына тоскоол болот. Ишенимдүү маалыматтарды "биринчи булактан" алуу үчүн мамлекеттик жана муниципалдык органдар менен өз ара аракеттенүү. Бул жарандарга объективдүү маалымат жеткирүүгө жана маалыматтык вакуумга жол бербөөгө мүмкүндүк берет.

Адамдын укуктары менен эркиндиктерин сактоо зарыл. Коомдук коопсуздук менен сөз эркиндигинин ортосундагы тең салмактуулукту сактоо менен айрым социалдык топторду стигматизациялоодон качуу маанилүү. Төмөнкү эрежелерди кармануу сунушталат:

- Ар дайым булактардын ишенимдүүлүгүн текшериңиз, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын расмий маалыматтарын колдонуңуз.
- Формасы боюнча бейтарап шилтемелерди колдонуңуз: "тергөөнүн версиясы боюнча…", "болжол менен…", "ИИМдин билдирүүсү боюнча…".
- Айрым учурларды айрым аймактар, этникалык же диний жамааттар, гендердик же социалдык топтор менен жалпылабаңыз.
- Кастык тилинин, кемсинткен жалпылоолордун жана өз пикириңизди таңуулоонун бардык көрүнүштөрүнөн алыс болуңуз.
- Статистикалык маалыматтарды эркин чечмелөөгө жана алардын негизинде туура эмес тыянак чыгарууга жол бербеңиз.
- КРде тыюу салынган экстремисттик, террористтик уюмдардын ар кандай эскерилиши сот органдарынын чечимдеринин негизинде алардын ишмердүүлүгүнө тыюу салынгандыгы жөнүндө белги менен коштолсун.
- Соттук тартипте тыюу салынган экстремисттик жана террористтик уюмдардын атрибутикасын кайра чыгаруу мыйзам боюнча куугунтукталаарын эске алуу зарыл.

"Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө" мыйзамдын 4-беренесинин 4-бөлүгүндө экстремисттик уюмдун атрибутикасын жана символикасын колдонуу өзүнчө белгиленет: "сот тарабынан экстремисттик ишти жүзөгө ашырууга байланыштуу жоюу же ишмердүүлүгүнө тыюу салуу

жөнүндө чечим чыгарылган уюмдун атрибутикасы жана символикасы. Экстремисттик уюмдун атрибутикасын жана символикасын колдонууга илимий-изилдөө максаттарында гана жол берилет", башкача айтканда, экстремисттик уюмдардын символикасын жана атрибутикасын медиа материалдарды иллюстрациялоо үчүн колдонууга мыйзам тарабынан тыюу салынган.

### Альтернативдик нарративдер

Жаңы медиа каражаттарын кошо алганда, жалпыга маалымдоо каражаттары коомдогу "маалыматтык иммунитетти" калыптандыруу үчүн натыйжалуу ресурс болуп саналат. Бул ишеним, өз ара жардамдашуу жана социалдык биримдик баалуулуктарына негизделген альтернативдик позитивдүү нарративдерди түзүү аркылуу ишке ашырылат. Альтернативдик маанилер менен натыйжалуу иштөө демилгени колго алып, аудиторияга укуктук талаанын чегинде өзүн-өзү ишке ашыруу үчүн түшүнүктүү жана жагымдуу багыттарды сунуштоого мүмкүндүк берет.

Мисалы, төмөнкү багыттарды карап көрөлү:

- Өз жашоосун өзгөрткөн адамдардын реинтеграциясы тууралуу окуялар.
- Диалогду жана социалдык биримдикти бекемдеген жаштардын демилгелери.
- Тынчтыкта жашоо идеяларын жайылткан диний лидерлер жөнүндө баяндар.
- Экстремисттик риториканы жана фейк маалыматты таануу боюнча маалыматтык өнөктүктөр.
- Экстремизмдин алдын алууда мыйзамдык ченемдерди түшүндүрүү.
- Дин аралык макулдашууну жайылткан материалдар.
- Дин уюмдарынын КР мыйзамдарынын чегинде жүргүзүлүп жаткан ишмердүүлүгүн чагылдыруу.
- Аялдарды коомдук иштерге тартуу боюнча ЖКУнун (жарандык коом уюмдары) демилгелери.

Мындай нарративдер өтө эле пафостуу болбошу жана "зериктирме пропаганда" сыяктуу көрүнбөшү үчүн, аларды аудиториянын көңүлүн бура ала турган популярдуу форматтарды колдонуу максатка ылайыктуу. Анткени бүгүнкү күндө контентти түзүү гана эмес, аны жайылта билүү да маанилүү. Аудиториянын катышуусун күчөтүү жана контенттин интерактивдүү бөлүгүн жогорулатуу үчүн төмөнкү форматтарды сунуштайбыз.

**Сторителлинг.** Радикалдуу ишенимдерден баш тарткан адамдар жөнүндө контент циклинин түзүү. Жеке окуялар көбүрөөк ишеним жаратат, анткени алар чыныгы тажрыйбага жана эмпатияга негизделген.

**Атайын долбоорлор, лонгриддер.** Мультимедиалык куралдарды колдонуу окуяларга тереңирээк/кеңирээк сүңгүүгө жардам берет, аудиторияга боор ооруууга алпарат, позитивдүү мамилелерди бекемдейт.

**Подкасттар.** Айрыкча, билим берүүчү мүнөздөгү, татаал маселелерди эксперттердин катышуусунда бейформал шартта талкуулоого мүмкүн болгон жерде жемиштүү болот. Мындай ыкма курч суроолорго коопсуз жооп издөө үчүн жакшы өбөлгө түзөт.

**Shorts/Reels.** Стереотиптерди, жалган маалыматты жокко чыгарган же тескерисинче, маданияттар аралык, этностор аралык, конфессиялар аралык же социалдык диалогдун ар кандай көрүнүштөрүн максаттуу аудиториянын муктаждыктарын эске алуу менен көрсөткөн динамикалуу роликтер.

**Карточкалар.** Медиа сабаттуулук, конфликтология, укуктук маселелер, дин таануу боюнча нускамалар/гиддер форматындагы жаркыраган, эсте калаарлык карточкалар жалган маалыматка каршы мыкты курал боло алат.

Мындай куралдарды колдонуу алдын алуу мазмунун аудитория менен диалогго айландырууга мүмкүндүк берет. Ошентип, алар ишенимди бекемдеп, позитивдүү, реалдуу өзгөрүүлөрдүн бир бөлүгү болуп калышат.

**Мамлекеттик органдар, жарандык коом уюмдары (ЖКУ), эксперттик коомчулук менен өз ара аракеттенүү**

Алдын алуу процессинде ЖМК, анын ичинде жаңы медиа, мамлекеттик түзүмдөр, ЖКУ, изилдөө/эксперттик коомчулуктардын ортосунда байланыштыруучу звено катары чыгат. Анын натыйжалуулугу диалогдун ачыктыгына жана өз ара ишенимдин деңгээлине жараша болот.

Маанилүү багыттардын бири – мамлекеттик уюмдар менен маалымат алмашуу, башкача айтканда, укук коргоо органдары жана тиешелүү ведомстволор/министрликтер менен ыкчам байланыш каналдарын түзүү. Мындай коммуникация дүрбөлөңдү токтотуу, дезинформациянын жана фейктердин алдын алуу, экстремисттик же радикалдык мазмундагы жалган маалыматтарды четке кагуу үчүн маанилүү.

Этностор аралык, конфессиялар аралык, социалдык мамилелерди гармониялаштырууга багытталган биргелешкен социалдык долбоорлорду ишке ашырууда коомдук уюмдар менен кызматташуу ар кандай жамааттарга терең, адамдык окуяларды түзүү аркылуу жетүүгө жол ачат.

Дин таануучулардын, социологдордун, психологдордун, теологдордун, политологдордун эксперттик билимин интеграциялоо мазмунду күчөтөт, терминологиялык каталардан качууга жардам берет (алар экстремисттик мүнөздөгү кылмыштарга тиешеси бар адамдарды билбей туруп “баатыр кылып” же динге ишенгендердин сезимдерин кемсинтип коюшу мүмкүн), аналитиканын тереңдигин камсыз кылат.

Эксперттик коомчулук менен өз ара аракеттенүү коомдогу радикалдык/экстремисттик маанайдын динамикасын изилдөөгө жардам берет, аудиториянын суроо-талаптарына жооп берген контентти түзөт. Мисалы, төмөнкүдөй сунуштар берилет:

- Жарыялоого чейин контентке укуктук/дин таануу/теологиялык талдоо жүргүзүү.
- Эксперттердин байланыш тизмесин түзүү.
- Булактын аныктыгын текшерүү боюнча текшерүү баракчасын иштеп чыгуу.
- Колдонулган цитатаны текшерүү боюнча текшерүү баракчасын иштеп чыгуу (зордук-зомбулукка, радикализмге, экстремизмге үгүттөбөйбү деген сактык).

Журналисттер, анын ичинде санариптик контенттин авторлору, кесиптик стандарттарга таянуу менен коомго коркунучтарды таанууга гана эмес, чечүү жолдорун издөөгө да жардам беришет. Фактыларга негизделген жоопкерчиликтүү мамиле, сынчыл ой жүгүртүү ишенимди бекемдейт, экстремизмге туруктуу маалыматтык каршылыкты калыптандырат.

# ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР



Экстремисттик риториканы жана пропаганданы кантип аныктоого болот? Ал көбүнчө конфронтация жана жикчил тилин колдонот: “биз – алар”, “өзүбүз – душмандар”, “тазалар – бузулгандар”, “ишенбегендер” жана башкалар. Мындай карама-каршылык диний, этникалык, аймактык же тилдик белгилери боюнча көрүнөт. Мисалы, “алардын баары…” деген сыяктуу жалпылоолор, “адам эмес…”, “жаттар…”, “баскынчылар” деген дегуманисттик айыптоолор же зомбулукту “зарыл”, “адилеттүү” жана “тагдырга жазган” деп актоо.

Сынчыл контекст болбосо, радикалдык/экстремисттик уюмдардын ураандары, түз цитаталары, символикалары же визуалдык стили кайра чыгарылган материалдарда пропаганданы жайылтуу коркунучу бар. Ошондуктан, кадимки маалымат берүүнү “жаңылык”, “аналитика”, “тарыхый очерк”, “альтернативдүү көз караш” дегенге жамынып, экстремисттик пропаганданы/риториканы кайра трансляциялоодон айырмалай билүү өтө маанилүү көндүм болуп саналат.

Мындай контент көбүнчө коркууга, кемсинтүүгө, адилетсиздик жана өч алуу сезимине кайрылат. Аларда кутум теорияларына байланыштуу нарративдер колдонулат. Эмоцияларды аң-сезимдүү козгоо, татаал суроолорго жөнөкөй жооптор, белгилүү бир адамдар тобунун айланасында күнөөлүү сезимди атайылап күчөтүү – манипуляциянын ачык белгиси.

## Коопсуздук эрежелери

Экстремизмге байланыштуу темаларды чагылдыруу юридикалык куугунтуктан тартып, физикалык жана санариптик коопсуздукка коркунуч болгонго чейин чоң тобокелдиктерге алып келет. Сот тарабынан экстремисттик деп таанылган уюмдардын материалдарын (анын ичинде алардын символикасын жана адабияттарын) цитаталоодон же көрсөтүүдөн качуу өтө маанилүү.

Бейтарап терминологияны колдонууну жана "экстремисттик ишти пропагандалоо" же "экстремисттик ишке ачык чакырыктар" деген айыптоолорго калбаш үчүн ар дайым расмий сот чечимдерине шилтеме жасоону сунуштайбыз.

Конфликт зоналарында же терроризмге каршы операциялар жүргүзүлүп жаткан жерлерде окуяларды чагылдырууда журналисттер өз макамын так белгилеши керек ("PRESS" жилети, аккредитация). "Коопсуздук аралыкты" сактоо зарыл: укук коргоо органдарынын ишине тоскоолдук кылбоо жана алардын тактикасынын же дислокациясынын чоо-жайын ачыкка чыгарбоо керек, бул деструктивдүү күчтөргө көмөктөшүү катары бааланышы мүмкүн. Негизги милдет – маалымат берүү, коркууну жайылтпоо. Төмөнкү эрежелерди сактоону сунуштайбыз:

- Ар дайым тобокелдиктерди баалоодон жана коопсуздук планын түзүүдөн баштаңыз.
- Редакцияда/командада "коопсуздук боюнча байланышчыны" дайындаңыз, контролдук чалуулар / билдирүүлөр, маршрут жана код сөзү жөнүндө макулдашыңыз.
- "Укуктук көйгөй" жараткан контенттен сак болуңуз.
- Тыюу салынган материалдарды таратуу катары чечмелениши мүмкүн болгон контентти жарыялоодон алыс болуңуз. Маалыматтарды санариптик коргоону күчөтүңүз.
- Кандайдыр бир күмөн саноолор болсо, жарыялай турган маалыматтарды юрист менен макулдашыңыз.
- Фактыларды пикирлерден так ажыратыңыз.
- Окуялардын алгачкы сааттарында текшерилген фактыларды гана жарыялаңыз, текшерилбегендерди "билдирилгендей/алдын ала...", "биз расмий тастыктоо ала элекпиз..." деп так белгилеңиз.
- Маалыматтар жана окуялардын контексти тастыкталганга чейин аналитикалык тыянактарды кийинкиге калтырыңыз, бул бурмалоолордун, провокациялардын жана дезинформация менен мүмкүн болгон манипуляциянын тобокелдигин азайтат.
- Текшерилген маалыматтарга, коомчулуктун үнүнө, профилактикалык практикага жана адам укуктарына басым жасаңыз.
- Ажырымдарды азайтыңыз: жалпылабаңыз, динди/этносту жана айрым адамдардын кылмыштуу аракеттерин айырмалаңыз; стигматизациялаган тилден алыс болуңуз.

# ПАЙДАЛУУ РЕСУРСТАР

## (УЛУТТУК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БУЛАКТАР)

КР ИИМ, алдын алуу контенти

КРда тыюу салынган уюмдардын жана материалдардын реестри

ЖККУга мүчө мамлекеттерде террористтик жана экстремисттик деп таанылган уюмдардын тизмеси

“Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө” мыйзам

Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук концепциясы

КР Министрлер Кабинетинин 2023-2027-жылдарга экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча программасы

Терроризмге, сепаратизмге жана экстремизмге каршы күрөшүү жөнүндө Шанхай конвенциясы

Колдонмо. Чыр-чатак аймактарынан кайтып келген балдарды репатриациялоону жана реинтеграциялоону чагылдыруу үчүн этикалык стандарттар

Колдонмо. Кастык тилинен зомбулуксуз коммуникацияга

Талдоо. Репатрианттарды реабилитациялоо жана реинтеграциялоо

Изилдөө. Репатрианттарды социалдык реинтеграциялоодогу тоскоолдуктарды изилдөө

Терроризмге жана экстремизмге байланыштуу кылмыш иштерин соттор тарабынан кароо

Экстремизмге каршы турууда медианын ролу

БУУнун террорчулукка каршы глобалдык стратегиясы

# ГЛОССАРИЙ

**Зомблуктуу экстремизми** - белгилүү бир ишенимдерге ылайык зомбулукту тутандырган жана ага үндөгөн көз караштарды жайылтуу, ошондой эле коомдоштуктар арасында зомбулукка алып келиши мүмкүн болгон жек көрүүчүлүктү кубаттоо. (Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюму)

**Зомбулуктуу экстремизмди геймификациялоо —** зомбулук актыларын жасоого радикалдаштыруу, азгырып жалдоо, окутуу жана шыктандыруу үчүн оюн дизайнынын элементтерин, видеооюндардын эстетикасын жана санариптик оюн механикасын оюнга тиешеси жок контексттерде максаттуу пайдалануу. (БУУнун Коопсуздук Кеңешинин Контртеррористтик комитети)

**Диний насаатчы** - тиешелүү диний уюмдардын борбордук башкаруу органынын макулдугу менен ар кандай ыкмалар аркылуу (анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары (анын ичинде ЖМК) жана Интернет тармагы аркылуу) динди жайылтуу менен алектенген диний ишмер, белгиленген тартипте эсептик каттоодон өткөн жаран. (КР "Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө" Мыйзамы)

**Диний уюм** – диний ишти биргелешип жүзөгө ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан ыктыярдуу негизде түзүлгөн, уставдын негизинде иштөөчү жана белгиленген тартипте эсептик каттоодон өткөн диний бирикменин уюштуруу-укуктук формасы. ( "Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө" КРдин Мыйзамы)

**Диний экстремизм —** экстремизмдин бир түрү, ал эркиндик, демократия, адам укуктарын урматтоо жана мыйзам үстөмдүгү принциптерин четке кагып, диний догмаларды катаал жана сабырсыздык менен чечмелөөгө негизделет. (ЕКПА)

**Дипфейк** – бар адамдар, объекттер, кубулуштар же окуялар менен олуттуу окшоштуктарды көрсөтүүчү жана жеке адамдарда мындай сүрөттөлүштөрдүн же материалдардын аныктыгы жөнүндө жалган таасир калтырууга жөндөмдүү сүрөттөлүштөрдү же аудио-видеоматериалдарды түзүү же өзгөртүү; (КР Санариптик кодекси).

**Жеке дайындар** - жеке мүнөздөгү маалыматты камтыган санарип дайындары. (КР Санариптик кодекси)

**ЖМК** – туруктуу аталышы бар мезгилдүү басылма, телеканал, радиоканал, аудио-, видеопрограмма, кинохроникалык программа, тармактык басылма жана жалпыга маалымдоону мезгилдүү жайылтуунун башка формасы. (КР «ЖМК жөнүндө» мыйзамы)

**Журналист** - ЖМК үчүн маалыматтарды чогултуу, талдоо, редакциялоо, даярдоо жана жайылтуу менен алектенген чыгармачыл кызматкер. (КР «ЖМК жөнүндө» мыйзамы)

**Коомдук кызыкчылык** – мамлекеттин иштеши, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат адамдарынын жана коомдук ишмерлердин ишмердүүлүгү, саясат, саламаттык сактоо, билим берүү жана калктын коопсуздугун камсыздоо, укук колдонуу жана сот адилеттигин

ишке ашыруу, адам укуктарын коргоо, керектөөчүлүк жана социалдык кызыкчылыктар, айлана-чөйрө, экономикалык маселелер, бийлик жүргүзүү, искусство жана маданият, дин, ошондой эле адамдардын кеңири чөйрөсүнүн кызыкчылыгын козгогон же таасири тийген башка маселелер тууралуу маалымат алууда аныкталбаган адамдардын муктаждыгы. (КР «ЖМК жөнүндө» мыйзамы)

**Ксенофобия** - кандайдыр бир коомчулук үчүн аларды бөтөн же чет элдик катары кабыл алуунун негизинде адамдарды четке каккан, басмырлаган жана көбүнчө жаманатты кылган көз караштар, ырым-жырымдар жана жүрүм-турум. (БУУнун адам укуктары боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгы)

**Маалымат** – санарип дайындарынын, санарип жазмаларынын адамдын кабыл алуусу үчүн түздөн-түз жеткиликтүү болгон мазмуну (контенти). (КР Санариптик кодекси)

**Метадайындар** – санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин кандай болбосун санарип объекттерин аларды идентификациялоо, издөө жана башкаруу үчүн  мүнөздөөчү түзүмдөштүрүлгөн санарип дайындары. (КР Санариптик кодекси)

**Пайдалануучу** – санарип жазмаларына, санарип ресурстарына, санарип сервистерине же технологиялык тутумдарга жеткиликтүүлүктү сурап алуучу же жүзөгө ашыруучу санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти. (КР Санариптик кодекси)

**Сайт** - интернетте домендик аталышты же даректи колдонуу менен аныкталуучу санарип ресурсу. (КР Санариптик кодекси)

**Санарип ресурсунун ээси** – ушундай санарип ресурсун өз алдынча же башка жактар менен биргеликте түзгөн же мыйзамдын же келишимдин негизинде санарип ресурсуна жетүүгө уруксат берүү же чектөө укугун алган санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти. (КР Санариптик кодекси)

**Санариптик чөйрө** – санариптик түзүлүштөрдү колдонуу менен санариптик маалыматтарды иштеп чыгуу боюнча коомдук мамилелердин аймактык чектери жок системасы. (КР Санариптик кодекси)

**Секта** – диний агым (жамаат), кандайдыр бир динден, негизги диний окуудан бөлүнүп чыгып, аны менен макул болбогон, коомдун кызыкчылыктарына кайдыгер жана карама-каршы келген диний агым. (КР «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзамы)

**Социалдык медиа** – виртуалдык жамааттардын жана тармактардын ичинде контентти (идеяларды, кызыкчылыктарды жана өзүн-өзү көрсөтүүнүн башка формаларын) түзүүгө, алмашууга жана топтоого көмөктөшүүчү жаңы медиатехнологиялар. Колдонуучулар бул жерде жөн гана керектөөчүлөр эмес, ошондой эле авторлоштор болуп саналат. (ЮНЕСКО)

**Тармактуу басылма** – туруктуу аталышы бар жалпыга жеткиликтүү маалыматтык-телекоммуникациялык Интернет түйүндөрү аркылуу массалык маалыматты электрондук-санарип формасында жайылтуу үчүн багытталган электрондук басылма түрүндө маалымат жайылтуу формасы. (КР «ЖМК жөнүндө» мыйзамы)

**Эскертме** – экстремисттик багыттагы кылмыштардын белгилери жок болгондо экстремисттик ишке каршы аракеттенүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын юридикалык жактарга жана башка уюмдарга карата чыгарылуучу, экстремисттик материалдарды жайылтуунун жана экстремисттик ишти жүргүзүүнүн жол берилбестигин көрсөтүүчү расмий документ. Эскертменин формасы жана аны чыгаруунун тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет. (“Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө” КРдин Мыйзамы)

**Экстремизм** – саясий, социалдык, расалык, улуттук жана диний чыр-чатактарды зомбулук жана башка конституцияга каршы аракеттер аркылуу чечүүгө багытталган идеология жана практика. (Шанхай Кызматташтык Уюмунун экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча конвенциясы)

**Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү боюнча ведомстволор аралык комиссия** - коллегиалдуу консультативдик-кеңешүүчү орган болуп саналат, ал экстремисттик ишке натыйжалуу каршы аракеттенүү үчүн мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүн уюштуруу жана ишин өркүндөтүү боюнча чечимдерди кабыл алат. (КР «Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө» мыйзамы)

**Экстремисттик уюмдун атрибуту жана символу** – кстремисттик ишти жүзөгө ашырууга байланыштуу сот аны жоюу же анын ишине тыюу салуу жөнүндө чечим чыгарган уюмдун атрибуту жана символу. Экстремисттик уюмдун атрибутун жана символун илимий-изилдөө максатында гана пайдаланууга жол берилет. (КР «Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамы)

**Экстремисттик уюм** – экстремисттик ишти жүзөгө ашыруу максаты менен уюшулган топ; экстремисттик ишти жүзөгө ашырууга байланыштуу жоюу жана (же) ишине тыюу салуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын сотунун мыйзамдуу күчүнө кирген чечими кабыл алынган юридикалык жак же болбосо башка уюм; (КР “Экстремисттик иш-аракеттерге каршы аракеттенүү жөнүндө” Мыйзамы)